КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIX сессиясы**

**Токтом № 145**

**Сүлүктү шаары** **“23” ноябрь 2023-жыл**

**Сүлүктү шаарына бирдиктүү салыктардын ордун толтуруу боюнча Республикалык бюджеттен максаттуу грант катары келип түшкөн акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 22.11.2023ж №01-12/3040 чыгыш сандуу бирдиктүү салыктардын ордун толтуруу боюнча Республикалык бюджеттен максаттуу грант катары келип түшкөн акча каражатын бөлүштүрүү боюнча каты жөнүндө шаардык кеңештин “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 27 беренесинин жана “Бюджеттик Кодекстин 78,79 беренелеринин негизинде шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарына бирдиктүү салыктардын ордун толтуруу боюнча Республикалык бюджеттен максаттуу грант катары келип түшкөн акча каражаты Сүлүктү шаардык мэриясынын жана мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин төмөнкү беренелерине которулсун

1. Баткен өнүктүрүү фонду тарабынан курулуп жаткан Д. Жороев көчөсүндөгү Аллейнын өздүк салымына 549000 (беш жүз кырк тогуз миң) сом акча каражаты Сүлүктү шаардык мэриясынын 3111 беренесине;
2. №9 мектеп гимназиясынын долбоорун даярдоого 500 000 (беш жүз миң) сом акча каражаты 2215 беренесине;
3. И. Бектемиров атындагы №8 мектептин долбоорун даярдоого 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты 2215 беренесине;
4. Тоо- Бүркүтү балдардын эс алуу борборунун долбоорун даярдоого 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты 2215 беренесине;
5. Социалдык объектилерди камсыздандырууга 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты 2215 беренесине;
6. Шаар ичине муниципалдык базар курууга 2 589 400 (эки миллион беш жүз сексен тогуз миң төрт жүз ) сом акча каражаты 3111 беренесине;

2. Сүлүктү шаарына бирдиктүү салыктардын ордун толтуруу боюнча Республикалык бюджеттен максаттуу грант катары келип түшкөн акча каражатын максатуу пайдалануусун камсыз кылуу жагы шаардын мэри Б.Ш.Абдыжапаровго милдеттендирилсин

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардык мэрияга, көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р.М. Жайнаков